**М.Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2018-2019-окуу жылындагы окуу тарбия иштеринин ишмердүүлүгү боюнча өзүн- өзү баалоосу**

**1-бөлүм. Окуу планынын аткарылышы**


М.Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык жамааты 2018-2019-окуу жылында жалпы мектеп алдында коюлган «Окуучулардын жеке жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу менен бекем билим жана тарбия берүү» деген максаттын үстүндө иш алып барышты.

Базистик окуу планы ишке ашырылды.1-4-класстар мамлекеттик стандарттын негизинде календарлык пландары түзүлүп, математика, кыргыз тил, мекен таануу сабактары боюнча негизги жана предметтик компетенттерди камтып сабакты уюштурушту. Ал эми 5-11-класстар календарлык пландарын окутуунун жаңы формаларын камтып түзүү менен өтүштү.

Бардык балдар 205, 36% түзөт. Кыздар 201, 60% түзөт. Мүмкүнчүлүгү чектелген 1 окуучу бар 6-классты бүтүрдү.Мугалимдер тарабынан расписание түзүлүп окутуу жүргүзүлдү.Мектеп жашындагы окууга тартылбаган окуучу жок. Жыл ичинде 20-25 күндөн көбүрөөк калтырган окуучу катталган жок.Окуу жылында «эң жакшы» 27 окуучу, «жакшы» 100, «канааттандыраарлык» 279
окуучу жетишүү деңгээлин көрсөттү.2018-2019-окуу жылындагы билим сапатына салыштырмалуу 4% жогорулагандыгы көрсөтүлдү.Анализдөөдө өткөн окуу жылында «эң жакшы» жана «жакшы» өздөштүргөн окуучулардын саны 2% жогорулаган.

Мектеп окуучуларынын баскычтар боюнча 3 жылдык салыштырма мониторинги

| Жылдар | 2016-2017 | 2017-2018 | 2018-2019 |
|---|---|---|---|
| 1-4-класстар | 47,4% | 43,3% | 43,3% |
| 5-9-класстар | 29,2% | 26% | 24% |
| 10-11-класстар | 45,4% | 39,7% | 43% |
| 1-11-класстар | 40,7% | 36% | 40% |



Жылдын башында жалпы мектептин «**Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуунун планы**» кабыл алынып, жалпы мектептин ишмердүүлүгү ушул пландын негизинде ишке ашырылды.

Окуу жылы ичиндеги жалпы мектептин педагогикалык жамааты окуучулар менен бирдикте алгылыктуу иш-чараларды алып барды. Мектептеги жогорку орган болгон педагогикалык кеңештин планы окуу жылынын башында түзүлүп, жыл бою анда каралган маселелер толугу менен талкууланып, тиешелүү чечимдер кабыл алынып турду. Тажрыйбалуу мугалимдер эң жакшы стандарттык эмес сабак жана башка ар кыл темадагы сабактар өтүлүп, докладдар окулуп турду. Ошондой эле окуу-тарбия ишиндеги эң маанилүү маселелер каралып, жыйынтык чыгарылып турду.

Мектептеги окуу-тарбия процессин жана башка иштерди ырааттуу ишке ашыруу үчүн директор алдындагы кеңешме, усулдук кеңеш, жана ички көзөмөлдүн пландары дагы жыл башында түзүлүп окуу жылынын ичинде толугу менен жүзөгө ашырылды.

2018-2019-окуу жылында базистик окуу планы толук ишке ашырылды.

**2-бөлүм. Билим сапат боюнча 3 жылдык салыштырма мониторинги жана класстан тышкаркы иштердин аткарылышы.**

2018-2019-окуу жылында мугалимдер чыгармачылык иш пландын негизинде иш алып барышты. Жыл ичинде жөндөмдүү окуучулар менен иштөө планы жумасына эки жолудан иштелип турду окуучуларга татаалданган жана жөнөкөй типтеги тапшырмалар жана тесттик тапшырмалар менен иштешти. Мугалимдердин көпчүлүгү тапшырмаларды эң жөнөкөй жана окуу китебинин программасы менен түзгөндүктөн кошумча түзүү киргизилип сунуштар айтылды.

Мектеп ичинде интелектуалдык марафон өтүлүп жеңүүчүлөр такталып, предметтик олимпиадаларга катышышты.Зоналдык олипиадада жеңген окуучулар райондук предметтик олимпиадага катышышты.

Райондук олимпиаданын жыйынтыгы боюнча байгелүү орунга ээ болгон химия предмети боюнча 9-класстын окуучусу Турдалиева Аселя 2-орунга , физика предмети боюнча 10-класстын окуучусу Абдыкадыров Азамат 3-орунга ээ болду.. Келерки окуу жылында жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруунун үстүндө алгылыктуу иш алып барылышы керек экендиги белгиленди.

2018-2019-окуу жылында 11-класстарды Жалпы Республикалык тестке даярдоо жыл бою жүргүзүлдү.

Предметтик мугалимдер кыргыз тили жана адабияты, математика, чет тили, физика, химия, география, биология боюнча түзүлгөн пландын негизинде иш алып барышты.Ата-энелердин макулдугу менен арыздары жазылып класс жетекчинин каттоосу менен биринчи сынамык тестке 1 жана 2 этапта окуучулар өз каалоолору менен катышып келди. Ошондой эле райондук өтүлгөн даярдоо тесттине Дүйшөнкулова Жанара 11-класстын окуучусу катышып турду. 9-11-класстар арасында НЦТ тесттерине катышып турушту. Жыйынтыктары орточо көрсөткүчтү берди. 2017-2018-окуу жылындагы **Жалпы Республикалык тестке салыштырмалуу 2018-2019-окуу**

жылында 21 окуучу тапшырды. Негизги тестти 110 упайдан жогору 8 окуучу тапшырып 50 % түздү. Эң жогорку упай топтогон окуучу Султангазиева Алия 171 упай. Беш жылдык салыштыруу менен карасак жыл сайын төмөндөп бараткаыбыз байкалды.

**Жалпы Республикалык тестирлөөнүн 5 жылдык салыштырма мониторинги**

| № | жылдары | Окуучунун аты-жөнү | Эң жогорку топтогон упайлары |
|---|---|---|---|
| 1 | 2014-2015 | Молдалиев Кайрат | 185 |
| 2 | 2015-2016 | Асанова Сезим | 177 |
| 3 | 2016-2017 | Ибраева Чынара | 166 |
| 4 | 2017-2018 | Эшенкулова Айпери | 165 |
| 5 | 2018-2019 | Султангазиева Алия | 171 |




Ал эми былтыркы окуу жылында 12 окуучу тапшырган 110 упайдан жогору 8 окуучу тапшырып 57,7% түзгөн салыштырууда 7,7% төмөн түшкөн. Себеби, окуучулардын санынан айырма болот жана окуучулардын Жалпы Республикалык тестке даярдоону күчөтүү жагы предметтик мугалимдерге сунушталды. Ошондой эле тесттин түрлөрү менен иштөө жагы көрсөтүлдү.

Мектеп ичинде жыл бою ар кандай сынактар райондук жана областтык деңгээлде өтүлдү. Кароо сынактарда кыргыз тили жана адабияты боюнча 2018-жылдын февраль айында 8-9-10-класстын окуучулары менен түзүлгөн топ «Манас таануу» аймактык таймашына катышып орунга ээ болгон жокпуз.Мектеп ичиндеги предметтик ийримдин иши «жакшы» деп табылды. Ошондой эле математика предмети боюнча Республикалык сырттан өтүлүүчү олимпиадага 5-11-класстардан каалоочулары катышып 1-турдан 7 окуучу өтүп, Каракол шаарындагы Т Сатылганов атындагы лицейде өткөн 2- туруна катышып келишти. «Кызыл Ай» коому уюштурулган «Зарница» сынагына 8-11-класстан түзүлгөн команда барып Түп районундагы Кайкин орто мектебинде 1-орунга ээ болушуп областтык сынакка катышууга жолдомо алышты жана дагы даярдануу менен областтык сынакка катышып 5-орунга ээ болушту.

**М.Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин**

**2019-2020-окуу жылындагы окуу тарбия иштеринин ишмердүүлүгү боюнча өзүн- өзү баалоосу**

**1-бөлүм. Окуу планынын аткарылышы**

М.Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде 2019-2020-оку жылында 33 мугалим эмгектенди.Жалпы окуучулардын саны 426\218 окуучу окуу жылын аяктады.

Жалпы мектептин билим сапаты 36% түздү. Окуу жылында «эң жакшы» 32 окуучу, «жакшы» 107, «канааттандыраарлык» 287 окууучу жетишүү деңгээлин көрсөттү

Мектепте бардыгы 19 класс комплект бар.

1-4-класстардан 8 класс

5-9-клаасстардан-9 класс

10-11-класстан 2 класс комплект бекиген.

Бардык балдар 208, 37% түзөт. Кыздар 218, 63% түзөт.

Мүмкүнчүлүгү чектелген 1 окуучу бар 8-классты бүтүрдү. Бул окуучуга атайын мугалимдер бекитилип берилип,мектеп тарабынан расписание түзүлүп окутуу жүргүзүлдү.

Мектеп жашындагы окууга тартылбаган окуучу жок. Жыл ичинде 20-25 күндөн көбүрөөк калтырган окуучу катталган жок

М.Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык жамааты 2019-2020-окуу жылында жалпы мектеп алдында коюлган «Окуучулардын жеке жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу менен бекем билим жана тарбия берүү» деген максаттын үстүндө иш алып барышты.


Базистик окуу планы 100% ишке ашырылды.1-4-класстарда жана 5-9-класстарда мамлекеттик стандарттын негизинде календарлык пландары түзүлүп, негизги жана предметтик компетенттерди камтып сабакты уюштурушту. Ал эми 10-11-класстар календарлык пландарын окутуунун жаңы формаларын камтып түзүү менен өтүштү.

**2.Көндүмдөргө ээ болуу (окуучулардын жетишкендиктери)**

2018-2019-окуу жылындагы билим сапатына салыштырмалуу 2019-2020-окуу жылында 4% томондогону көрсөтүлдү.Анализдөөдө өткөн окуу жылында 1-4-класстарда 0.3%,5-9-класстарда 6% жогорулаган ал эми 10-11-класстарда билим сапаты былтыркы окуу жылына салыштырмалуу томон болгон

| жылдар | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 |
|---|---|---|---|
| 1-4-класстар | 43.3% | 43.3% | 43.6% |
| 5-9-класстар | 26% | 24% | 30.1% |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 10-11-класстар | 39.7% | 43% | 36.7% |
| 1-11-класстар | 36% | 40% | 36% |




2019-2020-окуу жылында мугалимдер чыгармачылык иш пландын негизинде иш алып барышты. Жыл ичинде жөндөмдүү окуучулар менен иштөө планы жумасына эки жолудан иштелип түрдү окуучуларга татаалданган жана жөнөкөй типтеги тапшырмалар жана тесттик тапшырмалар менен иштешти. Окуу жылынын экинчи жарым жылдыгы аралыктан окутуу болсо дагы жөндөмдүү окуучулар менен иш алып барылды. Аралыктан тесттик тапшырмалар берилип кайтарым байланыш болду. Мугалимдердин көпчүлүгү тесттин ар түрдүү формаларын электрондук түрдө колдоно алышты.

Мектеп ичинде интелектуалдык марафон өтүлүп жеңүүчүлөр такталып,

предметтик олимпиадаларга катышышты.

Райондук олимпиаданын жыйынтыгы боюнча байгелүү орунга ээ болгон химия предмети боюнча 10-класстын окуучусу Турдалиева Аселя 3-орунга биология предмети боюнча 11-класстын окуучусу Асекова Гулира 3-орунга ээ болду.. География предмети боюнча 10-класстын окуучусу Асанова Арууке , Акенова Тологнай, Сманов Тойчубек 1-орунга ээ болушту. Келерки окуу жылында жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруунун үстүндө алгылыктуу иш алып барылышы керек экендиги белгиленди.


2019-2020-окуу жылында 11-класстарды Жалпы Республикалык тестке даярдоо жыл бою жүргүзүлдү. Предметтик мугалимдер кыргыз тили жана адабияты, математика, чет тили, физика, химия, география, биология боюнча түзүлгөн пландын негизинде иш алып барышты.Ата-энелердин макулдугу менен арыздары жазылып класс жетекчинин каттоосу

менен биринчи сынамык тестке 1 жана 2 этапта окуучулар өз каалоолору менен катышып келди.

Былтыркы окуу жылында негизги тестти 110 упайдан жогору 8 окуучу тапшырып 42 % түздү. **Быйылкы окуу жылында 110 упайдан жогору 7 окуучу тапшырып 32% түздү.** Эң жогорку упай топтогон окуучу Молдакматов Кайнар 157 упай. Беш жылдык салыштыруу менен карасак жыл сайын төмөндөп баратканыбыз байкалды.

Жалпы Республикалык тестирлоонун 5жылдык салыштырма мониторинги

| № | жылдары | Окуучунун аты жону | Эн жогорку топтогон упайлары |
|---|---|---|---|
| 1 | 2015-2016 | Асанова Сезим | 177 |
| 2 | 2016-2017 | Ибраева Чынара | 166 |
| 3 | 2017-2018 | Эшенкулова Айпери | 165 |
| 4 | 2018-2019 | Султангазиева Алия | 171 |
| 5 | 2019-2020 | Молдокматов Кайнар | 157 |




**3.Окуу ,тарбия,окутуу**

2019-2020-окуу жылында мектепте предмет боюнча 4 усулдук бирикме иш жүргүзүштү. Алар:

1. башталгыч класстар УБ,
2. так илимдер УБ,
3. гуманитардык илимдер УБ,
4. лингвистикалык илимдер УБ,

Усулдук бирикмелердин баардыгы окуу жылынын башында иш-чаралардын пландарын иштеп чыгышып, окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу пландарын түзүшкөн жана жыл бою ал пландарды ишке ашыруунун үстүндө иш алып барышты.Ар бир усулдук бирикмеге токтоло кетсек:

**Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинде** 8 класс бар жана 8 мугалим эмгектенет.Ар бир класс экиден паралель класстар. Даярдоо группасынын мугалими Асаналиева Айнура.

## М.Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы окуу - тарбия иштеринин иштеринин ишмердүүлүгү боюнча маалыматы

### 1-бөлүм. Окуу планынын аткарылышы

М.Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде 2021-2022-окуу жылында 32 мугалим эмгектенди. Жалпы окуучулардын саны 399\200 окуучу окуу жылын аяктады.

Жалпы мектептин билим сапаты 35.4% түздү. Окуу жылында «эң жакшы» 43 окуучу, «жакшы» 86, деген жетишүү деңгээлин көрсөттү

Мектепте бардыгы 19 класс комплект бар.

1-4-класстардан 7 класс

5-9-клаасстардан-10 класс

10-11-класстан 2 класс комплект бекиген.

Бардык балдар 199, 36% түзөт. Кыздар 200, 36% түзөт.

Мектеп жашындагы окууга тартылбаган окуучу жок. Жыл ичинде 20-25 күндөн көбүрөөк калтырган окуучу катталган жок

М.Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык жамааты 2021-2022-окуу жылында жалпы мектеп алдында коюлган «Окуучулардын жеке жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу менен бекем билим жана тарбия берүү» деген максаттын үстүндө иш алып барышты.

Базистик окуу планы 100% ишке ашырылды.1-4-класстарда жана 5-9-класстарда мамлекеттик стандарттын негизинде календарлык пландары түзүлүп, негизги жана предметтик компетенттерди камтып сабактарды уюштурушту. Ал эми 10-11-класстар календарлык пландарын окутуунун жаңы формаларын камтып түзүү менен өтүштү.


### 2.Көндүмдөргө ээ болуу (окуучулардын жетишкендиктери)

2021-2022-окуу жылында өткөн окуу жылына салыштырмалуу 0.2% томондогону көрсөтүлдү.Баскычтар боюнча анализдөөдө1-4-класстарда 5,2%

5-9-класстарда 1.6% жогорулаган ал эми 10-11-класстарда билим сапаты былтыркы окуу жылына салыштырмалуу 0.2% томон болгон..

Акыркы 3 жылдык билим сапатынын мониторинги

| жылдар | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|
| 1-4-класстар | 43.6% | 44.2% | 39% |
| 5-9-класстар | 30.1% | 32.2% | 33.8% |
| 10-11-класстар | 36.7% | 30.4% | 33.6% |
| 1-11-класстар | 36% | 35.6% | 35.4% |
| | | | |




2021-2022-окуу жылында мугалимдер чыгармачылык иш пландын негизинде иш алып барышты. Жыл ичинде жөндөмдүү окуучулар менен иштөө планы жумасына эки жолудан иштелип турду окуучуларга татаалданган жана жөнөкөй типтеги тапшырмалар жана тесттик тапшырмалар менен иштешти. Окуу жылынын биринчи жарым жылдыгы аралыктан окутуу болсо дагы жөндөмдүү окуучулар менен иш алып барылды. Аралыктан тесттик тапшырмалар берилип кайтарым байланыш болду. Мугалимдердин көпчүлүгү тесттин ар түрдүү формаларын электрондук түрдө колдоно алышты.

Мектеп ичинде интелектуалдык марафон өтүлүп жеңүүчүлөр такталып,

предметтик олимпиадаларга катышышты.

Райондук олимпиаданын жыйынтыгы боюнча байгелүү орунга ээ болгон окуучулар кыргыз тили жана адабияты предмети боюнча 10-класстын окуучусу 1-орун,Мусаева Аделия 9-класстын окуучусу 3-орун,Химия сабагынан Акмалиева Губарчын 11-класстын окуучусу 1-орун,Мусаева Айдана 10-класстын окуучусу 2-орун,Амантурова Айдана 9-класстын окуучусу3-орун.Физика сабагынан Абдулхамидова Нуриза 10-класстын окуучусу 3-орун.Орус тили сабагынан Дүйшөнкулов Арсен 9-класстын окуучусу 1-орун,10-класстын окуучусу Асанова Назик 2-орун.География сабагынан Чолпонбнеов Байэл 9-класстын окуучусу1-орун.Математика сабагынан 9-класстын окуучусу Абдыкадырова Алина 2-орун Мамырбекова Нуриза 11-класстын окуучусу 3-орун жана тарых сабагынан 11-класстын окуучусу Эшпаева Эланора 3-орунга ээ болушту.

Келерки окуу жылында жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруунун үстүндө алгылыктуу иш алып барылышы керек экендиги белгиленди.


2021-2022-окуу жылында 11-класстарды Жалпы Республикалык тестке даярдоо жыл бою жүргүзүлдү. Предметтик мугалимдер кыргыз тили жана адабияты, математика, чет тили, физика, химия, биология,орус тили,чет тили сабактары боюнча түзүлгөн пландын негизинде иш алып барышты.Ата-энелердин макулдугу менен арыздары жазылып класс жетекчинин каттоосу менен биринчи сынамык тестке 1 жана 2 этапта окуучулар өз каалоолору менен катышып келди.

Былтыркы окуу жылында 27 окуучудан 24 окуучу 110 упайдан жогору 10 окуучу тапшырып 42% түздү. Эң жогорку упай топтогон окуучу Бейшембаева Малика 166 упай. Салыштыруу менен карасак 2020-2021-окуужылында 10% өсүү болгону байкалды.

Жалпы Республикалык тестирлоонун 5жылдык салыштырма мониторинги

| № | жылдары | Окуучунун аты жону | Эн жогорку топтогон упайлары |
|---|---|---|---|
| 1 | 2017-2018 | Эшенкулова Айпери | 165 |
| 2 | 2018-2019 | Султангазиева Алия | 171 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | 2019-2020 | Молдокматов Кайнар | 157 |
| 4 | 2020-2021 | Бейшембаева Малика | 166 |
| 5 | 2021-2022 | Мамырбекова Нуриза | 172 |




Райондук олимпиадагы акыркы 3 жылдагы жетишкендиктер

| № | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы |
|---|---|---|---|
| | 7 орун | 10 орун | 12 орун |




## 3.Окуу ,тарбия,окутуу

2021-2022-окуу жылында мектепте предмет боюнча 4 усулдук бирикме иш жүргүзүштү. Алар:

1. башталгыч класстар УБ,
2. так илимдер УБ,
3. гуманитардык илимдер УБ,
4. лингвистикалык илимдер УБ,